*Дүйшеева Н.К.*

# Жайыттарды туруктуу башкаруу

*Макалада жайыттар жөнүндө жалпы түшүнүктөр,жайыттарды башкаруу планы, жайытка болгон басым, жайыттарды жакшыртуу, жана жайыт ресурстарынын баштапкы мүмкүнчүлүктөрүн (потенциалын) баалоо каралган.*

**Ачкыч сөздөр:** *жайыт, кышкы жайыт, жазгы жана күзгү жайыт, жайкы жайыт, мал, фермер, тоют,чарба.*

*In the article reviewed on the general terms of pasture, management plan for pasture for their development and evaluation of the unities capabilities of pastures.*

**Key words:***pasture, winter pasture, spring and autumn pasture, summer pasture, summer pasture, cattle, farmer, food, economy.*

Кыргызстан – табигый жайыттарды пайдалануу менен мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө зор мүмкүнчүлүгү бар тоолуу өлкө. Республикадагы табигый жайыттардын жалпы аянты 9,1 миллион гектарды түзөт. Анын ичинен 3,9 млн.гектар жайкы, 2,8млн.гектар жазгы-күзгү, ал эми кышкы жайыттар 2,4 млн.гектар аянтты түзөт. Табигый жайыттардагы тоют катары белгилүү өсүмдүктөр, ар түрдүүлүгү жана түшүмдүүлүгү менен кескин айырмаланышат [1].

Кыргыз Республикасындагы 5 млн. калктын 60% ашыгы айыл жергесинде жашайт. Алардын жашоо-тиричилиги, киреше алуунун бирден бир булагы катары, жайыттарды жана башка жаратылыш байлыктарын колдонуу түздөн түз байланышкан.

Совет доорунда жайыттардын сыйымдуулугун жана жайыт башкаруунун планын иштеп чыгууну Кыргызгипрозем институту жүргүзүп келген. Бул иштер Советтер союзу кулагандан кийинки өткөөл мезгилде каржылык кыйынчылыктардан улам токтоп калган.

Эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки мезгилде коомдогу демократиялык процесстердин, айыл чарбасындагы менчиктештирүүнүн жүрүшү жана айыл калкынын жер үлүштөрүнө ээ болушу менен мал чарбачылыгы да өзгөрүүлөргө туш болду.Ушундан улам, ар бир айыл тургуну малдуу болуп, жеке фермерге айланды. Фермер малын багуу үчүн ижарага жайыт ала алчу. Ал эми жайыттарды башкаруу планы жок эле. Мындай көрүнүш

жайыттарды ыксыз колдонууга алып келди. Жыйынтыгында жайыттардын өндүрүмдүүлүгү төмөндөп, баалуу тоют өсүмдүктөрү азайып, алардын ордун уулу жана мал жебеген чөптөрдүн түрлөрү ээлеп калды. Учурда республика боюнча 1,2 млн. гектар жайыт аянтында тоют чөптөр менен бирге ар түрдүү бадалдар жана мал жебеген уулуу өсүмдүктөр аралаш өсүп калган. Ал эми тоютка жараксыз, уулу өсүмдүктөр каптап калган жайыттар 1,3 млн. гектар жерди түзөт. Мындай отоо чөптөрдүн айынан шалбалуу жана субальпылык чабындылардын жоготуусу – гектарына 12-17 центнер кургак массаны түзөт. Ал эми бул көрсөткүч түздүктөгү шалбаа чабындыларында 8-10 центнер, бадал баскан талаада – гектарына 6-8 центнерди түзүп, ал эми республиканын денгээлинде жалпы жоготуулар 3 млн. тоннадан ашат [2].

Л.М.Пенкинанын маалыматы боюнча жайыттардын чарбалык абалы төмөндөгүдөй: жалпы жайыттын 14%ы таза жайыттар, 24%ы таштак, бадал баскан жайыт 12%, отоо чөптөр баскан жайыттар 32%, ал эми бузулган, такырланган жайыттар 18%ды түзөт. Ал эми дегредацияга учураган жайыттардын жалпы аянты Кыргыз Республикасы боюнча 3222 миң гектар же жалпы аянттын 29%ын түзөт.

## Жайыттар жөнүндө жалпы түшүнүктөр

Жайыт – бул малды жайууга ыңгайлуу чөп өсүмдүктөрү өскөн айыл чарба багытындагы жер аянтынын бир түрү. Жайыттар географиялык жайгашуусу жана калк жашаган аймактан алыстыгына жараша бөлүнөт.

Кышкы жайыт – бул түрү калк отурукташкан аймакка жакын жайгашып, ал жыл бою пайдаланылат.

Жазгы жана күзгү жайыт – калк отурукташкан аймактан көп алыс эмес жерде жайгашып, жазында жана күзүндө пайдаланылат. Кыргыз Республикасында мындай жайыттардын жалпы аянты 2,955 млн.га түзөт.

Жайкы жайыттар – алыскы жайыттар деп аталып, жай мезгилинде пайдаланылат. Кыргыз Республикасында жайкы жайыттардын жалпы аянты 4,129 млн.га түзөт.

Жайыттын түшүмдүүлүгү жайыт аянтынын көлөмүнөн, географиялык жайгашуусунан жана климаттык факторлордон улам аныкталат. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- деңиз деңгээлине салыштырмалуу бийиктик;
- тоонун бети;
- топурак курамынын ар түрдүүлүгү;
- өсүмдүктөрдүн каптоосу;
- тоолордун жантыктыгы;
- климат, ж.б.

Климат өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн түзүлүшүнө жана түшүмдүүлүктүн жалпы көлөмүнө, жайыттарды пайдаланууга, тоют чөптөрдү оруп-жыйноо узактыгына таасир этет.

Жайыт аймагына мүнөздүү сыйымдуулугу өзгөрүлмөлүү болот. Тагыраак айтканда ал жыл мезгилине жараша өзгөрүлүп турат. Мисалы жайкы жайыттын эң жогорку көрсөткүчү жай мезгилинин ортосуна туура келет.

Негизинен жайыттын сыйымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү жайыттын түрүнө жараша жаз же жай айларына, тактап айтканда жайыттын деңиз деңгээлинен канчалык бийик жайгашканына жараша өзгөрөт.

Төмөндө жайыттардын түшүмдүүлүгүн баалоо ыкмасы берилген. Белгилей кетүүчү жагдай, булл жакындатылган баалоо ыкмасы. Бул ыкманы колдонуу менен жайыттардын түшүмдүлүүгү тууралуу гана, жалпы түшүнүк алууга болот.

Жайыттарды деградацияга алып келүүчү негизги себептер бир эле аймакта жайыттын тоюттук өндүрүмдүүлүгүнөн ашыкча малды үзгүлтүксүз өткөрүү. Мындай жагдай жайыттарды туруктуу башкарууга муктаж экенин билдирет.

Жайыттын деградацияланышы – бул жайыттын сырткы чөйрөнүн таасирлерине туруктуулугунун начарлашы, биологиялык баалуулугунун төмөндөшүнөн улам экологиялык өндүрүмдүүлүгүнүн жоготуусу.

Жайыттарды туруктуу башкаруу – бул жайыттардын табигый мүмкүнчүлүгүнүн чегинде, такырлантпай узак мөөнөттүү пайдалануу системасын түшүндүрөт. Жайыт ресурстарын туруктуу пайдалануу жана башкаруу Кыргызстандагы мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн негизи болуп саналат.

Жайыт башкаруу системасы, бүтүндөй бирдиктүү ишмердүүлүктүн багыттарын, иш-чараларын жана жоопкерчиликти өзүнө камтыйт.

Жайыттын табигый мүмкүнчүлүгүн сактоо үчүн аны туура пайдалануу, абалын жакшыртуу боюнча иш-чараларды өз убагында пландоо жана жүргүзүү зарыл. Бул максаттарга жайыттарга мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн системасын туура уюштуруу зор жардам бермекчи.

Ошондой эле кышкы жайыттарга басымды азайтуу үчүн тоют болуучу майда чабынды чөптөрдү өстүрүүнү башкаруу, оруп-жыйноо жана сактоо сапатын жакшыртуу, кыш мезгилинде кошумча тоют катары саман-чөптөрдү аңыздарды колдонуу зарыл. Кышкы тоюттарды өндүрүүдө чөп өсүмдүктөрүн которуштуруп айдоо ыкмасын сактоо, топуракты арыктатпайт. Ал эми малдын өндүрүмдүүлүгү төмөндөп кетпеши үчүн малдын асылдуулугун

жакшыртып, каралбай калган ветеринардык тейлөө системасын кайра калыбына келтирүү зарыл.

Бул иш-чараларга, парламент тарабынан 2009-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Жайыт жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Жайыт комитеттеринин көзөмөлү талап кылынат. Аталган мыйзам бир нече жылдар бою адистердин, жергиликтүү коомчулуктун жана эл аралык эксперттердин катышуусунда талкууланып, иштелип чыккан. Жайыттарды башкаруудагы жогоруда айтылган көйгөйлөрдү эске алганда, бул мыйзамдын зарыл экендиги талашсыз. Бирок Жайыт комитеттерине жүктөлгөн айрым милдеттер жана укуктар жаңы болгондуктан аларды аткаруу үчүн адистик тажрыйбалар талап кылынат.

**Жайыттарды туруктуу башкаруу** – бул жайыттардын мүмкүнчүлүгүн которуштуруу ыкмасы менен такырлантпай узак мөөнөттүү пайдалануу жана анын өндүрүмдүүлүгүн сактоо системасы. Бул система төмөнкү жоболорду жана эрежелерди өзүнө камтыйт:

- жайыттын түшүмдүүлүгү;
- жайыттардагы тоюттардын азыктуулугу (сиңимдүүлүгү);
- малдын жайыттагы тоют чөптөрүнө болгон талабынын көлөмү (нормасы);
- жайыттын сыйымдуулугу;
- малды жайыттарда багуунун сезондук мөөнөтү;
- бардык малды жайыт тоют менен камсыздоо.

**Жайытка болгон басым**

Экосистема үчүн мал жаюунун экологиялык зор таасири бар. Табигый шартта жапайы жаныбарлардын жайытка болгон басымы, жаратылыш тарабынан жөнгө салынып турат. Ошондуктан жапайы чөп жечү жандыктардын саны жайыттын сыйымдуулугу менен тең салмакта сакталып келет. Ал эми айыл чарбасынын экосистемасында малдын саны адамдардын аракетине көз каранды. Бул көп учурда жайытка болгон басымдын жогорулашына жана жайыттардын деградация болушуна алып келет.

Жайытка болгон басым анын түшүмдүүлүгүнө, чөп өсүмдүктөрүнүн ботаникалык курамына жана сапатына, ошондой эле анын келечектеги абалына да таасир этет. Айрым жайыттар өзүнүн чектелүү ресурстук мүмкүнчүлүгүнө жараша саналуу гана малды тоюттандыра алат.

Жайыттардын жогорку өндүрүмдүүлүгүнө, мал жаюунун ченемдүү басымы жана ар түркүн жайыттарды өз убагы менен которуштуруп пайдалануу аркылуу гана жетишүүгө болот. Жайытка болгон ашыкча басым жергиликтүү чөптөрдүн азайышына, малдын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө жана жайыттагы өсүмдүктөрдүн курамынын жана

түшүмдүүлүктүн начарлашына алып келет. Ошондуктан малдын жайытка болгон басымын туура сактоо, көзөмөлгө алынуучу жагдайлардын ичинен эң таасирлүүсү болуп эсептелет.

Мал жаюунун нормалык басымы – бул климаттык шарттарга байланышкан өзгөрмөлүү чоңдук: мисалы климаттык жагымдуу жылдардын артынан кургакчыл жылдар келет. Мындай климаттык өзгөрүүлөр жайытка өтө деле таасир этпейт. Бирок узакка созулган кургакчылык жайыттын өндүрүмдүүлүгүн чектеп коёт. Ага жараша малдын басымы ар башка жылдардагы жайыттагы чөптүн түшүмдүүлүгүнө жараша өзгөрүлүп турушу керек. Көп жылдар бою жайытты тынымсыз пайдалануу жайытта деградацияны күчөтөт. Мисалы талаа жайыттарында күдө кылкан жакшы өсө албайт, чанактуулар тукумундагы жана башка түрдөгү чөптөр азайып, бетегенин молдуулугу төмөндөйт. Малды бир аймакка кайталап жаюудан улам топурактын үстүнкү катмары тапталып, шыбактын үстөмдүк кылышына алып келет. Ошол себептүү жайытта шыбак жана башка отоо чөптөр басымдуулук кыла баштайт. Натыйжада чөптөр сейрек өсүп, топурактын тез кургап кетишине негизги себепкер болот. Мындай жайыттар жай мезгилинин экинчи жарымына жетпей эле тез күнгө күйүп куурап калат.

Эгер жайыттарга мал жетиштүү түрдө жайылбаса, анда табигый тоют бекер коромжу болот. Ал эми жайыттын жогорку түшүмдүүлүгүн сактоо жана чөптөрдүн ботаникалык курамын жакшыртуу үчүн аны бир жыл эс алдырып, кийинки жылы колдонуу натыйжалуу ыкмалардын бири катары белгилүү.

Кыргызстан үчүн мал чарбачылыгы айыл чарбасынын стратегиялык эң маанилүү багыты, ал эми жайыттар өлкөнүн улуттук байлыгы. Бүгүнкү күндө жергиликтүү коомчулуктун жайыттарды өз алдынча башкаруусу мыйзамдык жактан колдоого алынууда. Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамында калкка мына ушундай мүмкүнчүлүк берилген. Бүгүнкү күндө жергиликтүү коомчулукка алардын укуктары жана милдеттери тууралуу маалымдоо учурдун эң маанилүү маселеси бойдон калууда. Бул максатка жетишүүнүн бир жолу катары – коомчулук өкүлдөрүн жайыттарды туруктуу башкаруунун алгачкы түшүнүктөрү менен тааныштыруу жана окутуу жүргүзүү каралууда.

**Адабияттар:**

1. Андакулов Ж. Пастбища – основа животноводства. -Бишкек, 2008.

2. Друст Л., Виттман М. Кормление сельскохозяйтвенных животных. -Винница, 2003

3. Дуйшекеев О.Н., Ногоев А.И., Кыдырмаев А.К. Уй чарбачылыгы. -Бишкек, 2008.

4. КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы, 26-январь, 2009-жыл.

5. КР Жер Кодекси, 2-июнь, 1999-жыл.

6. Кыргызстан: окружающая среда и природные ресурсы для устойчивого развития. - Бишкек, 2007.

***Рецензент: э.и.к., доцент Нуралиева Н.М.***